БЕКИТЕМ
А. Мырсабеков атындагы Ош
мамлекеттик педагогикалык
университетинин ректору,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор ____________ Б.Б. Зулуев
_____________________2024-ж.

Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

Диссертациялык иш Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясында аткарылган.

Илимий жетекчи – филология илимдерининин кандидаты, доцент Алымова А.Т.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы №64 токтомдоруна ылайык «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасынын» максаты: «Мамлекеттик тилди өз функциясын аткарган деңгээлге көтөрүү, ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана колдонууга багытталган маселелерди чечүү, мамлекеттик тилди жарандык интеграциянын жана мамлекеттик иденттүүлүктүн негиздеринин бири катары өркүндөтүү».

Программанын милдеттери:

1) республиканын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууга жетишүү;

2) мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил, чет тили жана кесиптик тил катары окутуунун окуу-методикалык негиздерин өркүндөтүү жана стандартташтыруу;

3) калктын тил маданиятынын деңгээлин көтөрүү болгон.

Ошону менен катар эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында да тил саясатына өзгөчө көңүл бурулган. Аталган Стратегияда «Кыргыз Республикасынын жарандарынын бир нече тилди билүүсүнө шарт түзүлүп, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары колдонуу чөйрөсү кеңейип, мезгил

класстардын окуучуларынын дидактикалык оюндар аркылуу кыргызча кеп өстүрүү модели иштелип чыкты; педагогикалык эксперименттин негизинде моделдин эффективдүүгү аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Диссертациялык иш «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасы» жана 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын нормативдик документин ишке ашырууга багытталат. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында дидактикалык оюндар аркылуу кыргызча кеп өстүрүүнүн материалдары, эксперименттик сабактардын иштелмелери, методикалык сунуштары жана эксперименттин натыйжалары “кыргыз тилин” предмет катары окутууда, кыргыз тилин экинчи тил катары окуу программаларын, окуу китептерин, усулдук колдонмолорду түзүүдө, “Кыргыз тилин окутуу методикасы” курсундагы студенттер жана квалификациясын жогорулатуу факультеттериндеги мугалимдер тарабынан колдонууга болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин өстүрүүгө багытталган дидактикалык оюндар тандап алынып, максаттуу колдонуу жолдору иштелип чыкты, кенже курактагы окуучулардын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү, алардын оюнга болгон умтулуусу аныкталды. Модель жана кеп өстүрүү методикасы иштелип, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө апробацияланды.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү**. Ишти аткаруу убагы белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык жактан үйрөнүп, талдоо жана топтоо жолу менен максатка жеткендигинде.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана корутундулардын негизденүү даражасы.**

Изилдөө ишинин натыйжалары бардык жактан негизделген. Диссертациянын максат жана милдеттерин чечүү үчүн адекваттуу изилдөө методдору пайдаланылган.

**Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар тарыхый-логикалык жана методологиялык жактан системалуулугу, мазмундук тереңдиги, ырааттуулугу менен мүнөздөлөт.

**Негизги жоболордун, корутундулардын жана натыйжалардын публикацияларда толук чагылдырылышы:** УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда 20 макала чагылдырылган (3 макаланын импакт фактору 0,1ден жогору); илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган; сабактар, семинар-тернингдер өткөрүлгөн; педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

методдору» деп аталып, педагогикалык эксперименттин натыйжалары тартууланып, эффективдүүлүгү аныкталып, изилдөөгө алынган берилмелер жыйынтыкталып, изилделген тема боюнча илимий-методикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Үчүнчү баптын аталышы** «Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстарда дидактикалык оюндар аркылуу кыргызча кепти өстүрүүнүн усулдарынын» "Дидактикалык оюндардын классификациялануусу жана алардын мүнөздөмөсү" деп аталган биринчи бөлүгүндө башталгыч класстардын окуучуларынын *кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү* үчүн зарыл болгон билгичтер менен көндүмдөрдү калыптандыруу максатына жараша классификациялоонун мүнөздөмөсү тартууланды. Мында Т.А. Джороевдин, Ү. Култаеванын, М.Л. Мухарованын, С.К. Рысбаевдин, Л.И. Смагинанын, А.В. Трускавецтин, Н.Б. Хасановдун эмгектери негиз катары алынып, толукталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Ишти жүргүзүүдө алдын ала аныкталып белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөндүгүндө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

М.М. Алексеева (2000), Б. Блум, Е.Н. Китайгородская (1986), В.Г. Ниорадзе (1989), Е.И. Пассов (1991), Л.И. Смагина (1978), Е. Щерба (1947, 1987), Б.И. Яшин (2000) ж.б., окумуштуулар дидактикалык оюндар аркылуу кепти өстүрүүнүн лингвистикалык негиздери менен алектенген.

М.С. Абайдулова (1997), К.К. Акматов (2022), К.А. Биялиев (2015), А.И. Васильев (1983), Т.А. Джороев (2012), К.Д. Добаев (1999, 2023), Н.П. Задорожная (1999), У.Б. Култаева (1995), М.Х. Манликова (2008), М.Л. Мухарова (1989), А.С. Мукамбетова (2013), А.Ж. Муратов (2022), С.К. Рысбаев (1995, 2016, 2023), М.М. Сыдыкбаева (2017), П.И. Харакоз (1973), Н.Б. Хасанов (2012), Ж.А. Чыманов (1996, 2015), Л.А. Шейман (1982), В.Н. Шнейдман (1987) ж.б., кыргызстандык окумуштуулар кеп өстүрүү маселесин жана инновациялоонун илимий-теориялык негиздерин жана окутуунун методикасы боюнча көптөгөн эмгектери анализденген.

Функциялык грамматика, кыргыз жана орус тилдерин салыштыруу, педагогика, психология илимдерине негизделип, алгачкы жолу орус мектептеринин башталгыч класстарына ылайык кыргызча кепти дидактикалык (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык жана кептик) оюндар аркылуу өстүрүүнүн ыкмалары, жолдору, каражаттары иштелип чыкты; оюн түшүнүгүнө талдоо жүргүзүлүп, кенже курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, окуучулардын оюнга умтулуусу, оюндун аларга тийгизген таасири аныкталды; дидактикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүүгө байланыштуу окумуштуулардын, педагогдордун теориялык-практикалык тажрыйбалары жалпыланды; окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч

талабына жана коомдук муктаждыкка ылайык мамлекеттик тилди өркүндөтүү» иши жолго коюлары көрсөтүлгөн. Себеби кыргыз тили - мамлекеттин жана жарандык интеграциянын негизи, ошондой эле мамлекеттик идентүүлүктүн атрибуттарынын бири. Кыргыз тилибизди аздектеп сактоо жана аны жалпы улуттук орток тил катары өнүктүрүү – ар бирибиздин башкы парзыбыз экени айтылат. Алдыбызга коюлган милдетибизди ишке ашыруунун маанилүү жолу – бул окуучулардын кептик иш-аракеттерин жандандырууга багыттоо, теориялык билимди практикалык, оозеки, жандуу кеп аркылуу өстүрүү жана окуучуларды жогорку деңгээлдеги жигердүүлүккө жеткире турган инновациялык-коммуникативдик технологиялар жана окутуунун интерактивдүү методикаларын пайдалануу болуп саналат. Алардын катарында башталгыч мектеп курагындагы окуучуларды окутууда колдонуу эң ыңгайлуу болгон, мажбурланылбаган, чыныгы турмуштук кырдаалды, тилдик чөйрөнү түзүп, акылды гана эмес, эмоцияны да ээлеп алган активдүү ой жүгүртүү процессти камсыздаган дидактикалык оюндар. Окуучулардын баарлашуу инстинктинин жогору экендиги, сөз менен фантазиясы бириккен кыялынын жандуулугу, кабыл алуусунун курчтугу окуучунун сабакка болгон кызыгуусун артырат.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили сабактарында дидактикалык оюндарды колдонуу боюнча изилдөө жүргүзүлө элек. Ошого байланыштуу окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстардын окуучуларынын кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү темасы тандалып алынган.

**Биринчи бап** «Башталгыч класстардын окуучуларынын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү» деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи баптын биринчи бөлүмү** «Психология жана педагогика илимдериндеги оюн түшүнүгү жана анын мааниси» деп аталып, психология, маданият таануу, этнография илимдериндеги кыргызстандык, советтик, россиялык окумуштуулардын оюндун психологиялык маңызы, оюн ишмердүүлүгү боюнча изилдөөлөрүн жана аны башталгыч мектеп курактагы балдарды тарбиялоодо пайдалануу менен кеп өстүрүүсүнө тийгизген таасири талдоого алынды.

**Биринчи баптын экинчи бөлүмү** «Башталгыч мектеп окуучуларынын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү» деп аталып, залкар педагог-окумуштуулардын педагогика илиминин негизинде окутуу боюнча талданган жыйынтыктары жөнүндө сөз жүрдү.

**Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү** «Дидактикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүүнүн лингвистикалык негиздери» деп аталып, изилдөөбүздүн теориялык негиздери каралат. Атап кеткенде, Л.В. Щербанын лингвистикалык негиздөөсү жана коммуникативдик методдордун принциптери изилдөөгө алынды.

**Экинчи баптын аталышы** «Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде башталгыч класстардын окуучуларынын кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

1) Башталгыч класстардардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүүдө санариптик негизде айкалыштыруусу;

2) Иште айрым компьютердик техникалык каталар, текстте айрым стилистикалык кемчиликтер кездешет;

3) Дидактикалык оюндар аркылуу балдардн кебин өстүрүүдө окуу – методикалык колдонмо чыгаруу жагын колго алуу;

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Диссертациянын КРдагы УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына ылайыктуулугу.

**Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын** педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

**Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** деген темадагы педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун № 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет.

Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы методикасы (кыргыз тили) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** деген темадагы диссертациясына пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасынын кенейтилген жыйынынын 2024 жылдын 12-декабрындагы отурумунда (протокол № 6) каралды.

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Сакиева С.С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Саттарова А.Т.-педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
4. Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01
5. Даминова И.Д. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

6. Адывасиева З.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
6. Миңбаева К.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
7. Байышова Г.Ж. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
8. Абдуллахамидова Б.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9. Рахматуллаева М.Ж.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
10. Шербаева Ж.Р. - педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
11. Акматова Ч.А.- педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
12. Умарова Р.Н.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
13. Абдибалиев Э.А.-педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
14. Мусаканова Майрамкан Мусакановна– улук окутуучу;
15. Тиллабаева Арзыкан Мавляновна– улук окутуучу;
16. Кожобекова Н.- улук окутуучу;
17 Какиева Г.А. - окутуучу

Отурумдун төрагасы, башталгыч,
мектепке чейинки билим берүүнүн
теориясы жана усулу кафедрасынын
башчысы, п.и.к., доцент: Касымбеков Э.А.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Э.А. Касымбековдун колун тастыктайм.

ОшМПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Кадыралиева А.Б.